DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Тилабердиева С.Б.*

# БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

*Тилабердиева С.Б.*

# МЕТОДЫ В ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

*S.B. Tilaberdieva*

# METHODS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 811.512.154:37*

*Макалада кыргыз тилиндеги окутуу борборлорунун окуу процессинде колдонулуучу окутуунун методдору каралган. Билим берүү системасында окутуунун методдору окутуунун эффективдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги каражаттардын бири. Алар мезгилдин талабына ылайык өзгөрүп, толукталып башка формага өтүп турuусу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул макалада окутуу методдорунун бир нечесине токтолуп алардын өзгөчөлүктөрүнө жана колдонуу ыкмаларына көңүл бурулду. Ошондой эле метод – педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөрү белгиленген. Турмуш далилдегендей, эч кандай тилдик-коммуникативдик тажрыйбага, компетенттүүлүккө ээ болбостон эле, мектепти аяктап жаткандыгы баса белгиленген. Бул абалдан чыгуунун жолу катары кыргыз тилин окутуунун мазмуунун жаңыртуу, технологиясын өркүндөтүү,эне тили баланын бүткүл коммуникативдик ыкмаларын калыптандыруу менен, оозеки, жазуу кебинин, кеп ишмердүүлүгүнүн, кеп маданиятынын, адеп-ахлагынын нормаларын иштеп чыгуу маселеси сунушталган.*

***Негизги сөздөр:*** *усул, окутуу, технология, жобо, билим берүү, долбоор, окуучу, окутуучу, грамматика, лексика, кеп маданияты, педагогика, коммуникативдик.*

*В статье описаны учебные центры на кыргызском языке. Методы обучения, используемые в учебном процессе. Методы обучения в системе образования являются одним из основных инструментов обеспечения эффективности обучения, естественно, что они меняются и дополняются в соответствии с требованиями времени. В этой статье рассматриваются некоторые методы обучения, их особенности и способы применения. Также отмечается, что метод как педагогическая категория показывает, как эффективно преподнести материал. Как показала жизнь, подчеркивается, что он заканчивает школу без какого-либо языкового и коммуникативного опыта и навыков. Как выход из сложившейся ситуации предлагается обновить содержание обучения кыргызскому языку, усовершенствовать технологию, развить все коммуникативные приемы родного языка ребенка, выработать нормы устной и письменной речи, речевой деятельности, речевой культуры, нравственности.*

***Ключевые слова:*** *метод, обучение, технология, регулирование, образование, проект, ученик, учитель, грамматика, словарный запас, культура речи, педагогика, коммуникативный.*

*The article describes training centers in the Kyrgyz language. Teaching methods used in the educational process. Teaching methods in the education system are one of the main tools for ensuring the effectiveness of learning, it is natural that they change and are supplemented in accordance with the requirements of the time. This article discusses some of the teaching methods, their features and how to apply. It is also noted that the method as a pedagogical category shows how to effectively present the material. As life has shown, it is emphasized that he finishes school without any language and communication experience and skills. As a way out of this situation, it is proposed to update the content of teaching the Kyrgyz language, improve technology, develop all communicative techniques of the child's native language, develop standards for oral and written speech, speech activity, speech culture, morality.*

***Key words:*** *method, teaching, technology, regulation, education, project, student, teacher, grammar, vocabulary, speech culture, pedagogy, communication.*

Илимдин башка тармактары сыяктуу эле кыргыз тилин окутууну жакшыртуу ниетинде кыргыз тилин окутуунун технологиясын жаңыртуу максатка ылайык келген иш чара болуп эсептелет. Адатта мындай иш-чара кеп чеберчилигине, кеп ишмердүүлүгүнө коммуникативдик-практикалык максатка карай багытталгандыгы менен айырмаланат. Бул өңүттөн алып караганда,б.а. тилдик коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ кылуу багытында окутуунун негизги максаты-бул айлана-чөйрөдөгү болуп турган өзгөрүүлөргө, социалдык турмуштагы жаңылануuларга ылайыкташуу, тилди окутуп үйрөтүүдө бүгүнкү глобалдаштыруунун шарттарына жооп берип, дүйнөлүк билим берүү деңгээлинен артта калбоо, толугу менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



өз убагында өсүп келе жаткан муундун коомдук-социалдык муктаждыктарын толугу менен өз убагында камсыздандыруу, кеп ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын натыйжалуу иштеп чыгуу; тилдик өбөлгөлөрдү практикалык жактан өздөштүрүүсүнө жетишүү үчүн окуучунун коомдук турмуштун ар кандай тармактарына чыгармачылык мамиле жасап, активдүү катышуусун камсыздоо; аталган иш-чаралардын негизинде кеп маданиятын, баланын коммуникативдик жөндөмүн, көндүмдөрүн, чечендик кебин бийик деңгээлге жеткирүү.

Ушул багыттарда кыргыз тилин окутуунун технологиясын өркүндөтүүнүн негизги милдеттеринин бири-кыргыз тили предметин орто мектептерде окутуу ишин мазмуундук жактан жаңылоо, азыркы учурдун талабына ылайык инновациалык методдорду практикалоо, дүйнөлүк баалуулуктарга жана улуттук барктуу түшүнүктөргө таянуу менен окутуу-тарбиялоо ишин бийик деңгээлге көтөрүү менен байланыштыруу. Ошол себептен, кыргыз тилин окутууга тиешелүү окуу материалдарды практикалык жана тилдик-коммуникативдик планда берүүнү өркүндөтүү менен бирге эле, күндөлүк турмушта балдар өз эне тилин баарлашуунун куралы катары гана колдонуусу эмес, кеп ишмердүүлүгүнүн, чечендик кептин мыкты үлгүсүнүн деңгээлине жеткирүү максаты турат.

Андыктан бул жерде окуучулар сабакка катышуу менен гана чектелбестен, келечекте турмушунда, кесиптик ишмердүүлүгүндө кереги тие турган коммуникативдик-практикалык көндүмдөргө мектептеги окуу процессинен ээ болуу зарылдыгы көрүнүп турат. Тилекке каршы, 16-17 жаштагы улан-кыздар керектүү деңгээлде тилдик-коммуникативдик тажрыйбага, компетенттүүлүккө ээ болбостон мектепти аяктоодо. Бул абалдан чыгуунун бирден бир жолу катары кыргыз тилинин технологиясын өркүндөтүү, мазмуунун жаңылап иштеп чыгуу менен оозеки, жазуу кебинин, адеп-ахлагынын, кеп маданиятынын, кеп ишмердүүлүгүнүн нормаларын иштеп чыгуу жана коомдук турмушта пайдалана алгыдай деңгээлге жеткирүү башкы милдеттердин бири болуп саналат.

Окутуучу заманбап шарттарды эске алуу менен кыргыз тилин окутуунун технологиясын өстүрүп, өнүктүрүүдө төмөнкү принциптүү багыттарга таянат:

- Кыргыз тили сабагынан тексти талдоо, баарлашуу аркылуу лексикалык-грамматикалык материалдарды өздөштүрүүнү үйрөтүү;
- Түрдүү кырдаалга ылайык түрдүү багытта маданияттуу, адептүү сүйлөшө билүү деңгээлин калыптандырууну максат кылуу;
- Кыргыз тилин грамматикалык, фонетикалык, лексикалык материалдын топтому гана эмес, маданияттуу, негиздүү, далилдүү сүйлөй алуу жөндөмдүүлүгүнө, кандай гана кырдаал болбосун, өз оюн эркин айтууга үйрөтүүгө багытталган предмет;
- Тилди кеңири планда кароо; окутуу менен ар башка стилистикалык багытта оюн оозеки, жазма формада туюндура алуусуна, окуучулардын рухий-коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн зарылдыгын белгилөө;
- Кыргыз тилин окуу предмети катары гана эмес, ар түрдүү багыттагы башка билимдерди өздөштүрүүнүн эң зарыл кражатына айландыруу;
- Сабак учурунда окуучулардын жекече мүмкүнчүлүктөрү ар башкача деңгээлде болгондуктан, дифференциалдуу метод аркылуу инсанга багыттап окутууга басым жасоо;
- Тандалып алынган дидактикалык материалдар жана тексттер аркылуу кыргыз элинин жана ошондой эле дүйнө элдеринин маданий, адабий мурастарын, баалуулуктарын окуп үйрөнүү менен, таалим-тарбиялык маанисин ачып берүүгө басым жасоо;
- Кыргыз тили сабагында чечендик, куйма кулактык, сөзмөрлүк ыкмаларга көнүктүрүү менен катар логикалуу сүйлөөгө жана жазууга, оозеки-жазуу тексттерин түзүүгө көнүктүрүү;
- Грамматикалык жактан карандай жаттатуу эмес, коомдо, күнүмдүк турмуштан алынган мисалдар аркылуу ачык, так, сабаттуу окуп-жазууга үйрөтүүгө жетишүү.

Учурда коомдук тарбия жана билим берүү иши алдын-ала түзүлгөн педагогикалык системалардын негизинде ишке ашырылып келет. Бул системалар педагогика илиминин изилдөө предмети жана негизги багыты болуп эсептелет. Иштелип чыккан системанын элементтеринин тыгыз байланышы алардын структурасын түзөт. Бул структурадан белгилүү бир максатка негизделип баш ийдирилген аракетке ылайык система келип чыгат. Ишмердүүлүктүн максаттарын иш жүзүнө ашыруу үчүн анын тигил же бул түрүн биргелешип аткарууга катышкан адамдар да педагогикалык билим берүү системасын түзүшөт.

Метод – педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды ар түрдүү ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун аныктайт. Өткөн кылымдын 60-жылдарында окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон. М.А. Далилов, И.Я. Лернер, М.Н.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Скаткин сыяктуу илимпоз окумуштуулар дагы бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К. Бабанский түзгөн окутуу методдорунун классификациясы төмөнкүдөй:

Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);

Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);

Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу ж.б.) [29, 81-бет] Түздөн-түз түшүндүрүү же айтып берүү-салттуу методдордун бири жана педагогикалык тажрыйбада эң көп колдонулат десек жаңылбайбыз. Аталган методду колдонууда окуучулар пассивдүү абалда болуп, угуучунун гана функциясын аткарышат, ал эми окутуучу активдүүлүк көрсөтүп көңүл чордонунда болот. Бул методдун катарын семинар ыкмасы толуктайт. Конференция ыкмасы болсо кандайдыр бир теманын алкагында угуучулар тобуна баяндама жасоо аркылуу ишке ашат.

Талкуу методу башкалардын ой-пикирлерин сыйлай билүү, карым-катышта болуу, өз ойлорун эркин ортого сала билүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө багытталат. Аталган методдун негизги ыкмаларынын бири-чоң тайпаларда талкуу жүргүзүү. Максатка ылайык болгон учурларда чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго ажыратуу аркылуу иш жүзүнө ашырылат.

Баарлашуу ыкмасы 5-9 кишилик чакан топто белгиленген бир тема боюнча өткөрүлгөн талкуу иши аркылуу жүргүзүлөт. Жарыш сөз ыкмасында кандайдыр бир теманын алкагында макул же каршы көз караштарды жактаган эки топ пайда болот. Эки топтун өкүлдөрү алдан-ала даярдыктан өткөн соң, калыстар тобунун алдында көз караштарын жактоого алышат да, жеңил чыккан тарап калыстар тарабынан жарыяланат. Бул методду колдонууда негизги ыкма катары “мээге чабуул” ыкмасы эсептелет. Бул ыкма талкууланган пикирлердин колдоого алынышын камсыз кылып, катышуучулардын оюна келген пикирлерин ошол заматта талкууга коюлушун талап кылат.

Өз ара толуктама баарлашуу ыкмасы (окуянын тескерисин бурмалоо деген ыкма) 2 тайпада ишке ашырылып, бири суроо берсе, экинчиси жооп берет. Алгач эки топ берилген темага даярданышат. Натыйжада ийгиликке жетишкен топ аныкталат.

Симпозиум ыкмасында эки же андан көп баяндамачы белгиленген темада баяндама жасашат жана анын мазмууну менен суроо жооптун натыйжасын эске алып, жыйынтык чыгарылат.

Тегерек стол ыкмасында 10-15 катышуучу овалдык формада жайгаштырылып, ар бир катышуучу өзүнө берилген гана суроого жооп берет. Максаты ар түрдүү пикирлерге ээ болуу жана талкуулоо.

Суроо-жооп методу-активдүүлүктү жандандыруу максатында сабакта окуучулар менен карым-катыш түзүү үчүн көп колдонулган методдордун катарын толуктайт. Берилген суроолор формасы, үйрөтүү методуна багытталгандыгы боюнча бири-биринен айырмалашат. Алар баалама жана кер байланыш, сабакка багытто тести, сабак ичи, сабакка даярдануу суроолору болуп бөлүнөт. Ыкманы натыйжалуу пайдалана билиш үчүн мугалим таасирдүү суроолорду берүүсү зарыл.

Долбоор методу - жашоо турмушка өзгөчө керек болгон натыйжаларга жетүү үчүн кандайдыр бир маселенин бир адам же жамаат тарабынан колго алынышын эсептейбиз.

Программалап үйрөтүү методу - кандайдыр бир окуу жүктөмүнүн маани-мазмуунун үйрөнүүгө жеңил болгон бөлүктөргө бөлүп алуу менен белгилүү бир тартипте жайгаштыруу максатын көздөп, мурунку өтүлгөн темаларды жакшы деңгээлде үйрөнгөнгө чейин жаңы маалымат бербөөнү сунуштаган метод болуп саналат. Микро үйрөтүү - мугалимдерди даярдоодо сынчыл - негизги үйрөтүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн колдонулат.

Маселе чечүү методу - илимий негизде маселе чечүүнү жетекчиликке алып, практикалык мүнөздөгү маселелердин чечилүүсүнүн жол-жоболорун окуучуларга үйрөтүү максатын көздөйт.

Көрсөтүп жасатуу методу - белгилүү бир иш-аракетти көрсөткөн соң, окуучулардын өздөрүнөн жасап көрсөтүүсүн талап кылып, көзөмөлдөөчү метод.

Өрнөк окуя методу- окуяны же кубулушту айтып берип, андагы сөз болгон маселени суроо-жооп формасында талкууга алууну сунуштайт.

Жеринде байкоо жүргүзүү методу - мектептен тышкаркы аудиторияда максаттуу байкоо жүргүзүлүп, окуучуларды кандайдыр бир ишке үйрөтүүнү көздөйт.

Роль ойноо методу - ар кандай рольдордун жардамы аркасында окуучулардын туюм-сезимдерин өнүктүрүүгө багытталат.

Окшоштуруу методу - кайсы бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин жардамы менен окшоштук белгилерин аныктап, ошол белгилердин моделин түзүүгө арналган метод. Кайсы бир окуя же болбосо маселени ар түрдүү пландан кароодо да аталган метод колдонулат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Драма методу - окуучулардын өздөрүнө роль аткартуу аркылуу кайсыл учурда кандай аракеттенүү керектигин үйрөтүүнү көздөйт. Аталган метод табигый драма жана формалдык драма болуп экиге бөлүнөт.

Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү-окутуу методдорунун арасында бир топ артыкчылыктарга ээ болгон метод десек туура. Себеби, материалды жакшы эстеп калуу тарабын өздөштүрүүгө арналган. Окутуу процессинде көп убакыттан бери колдонулуп келе жатат. Жаңы материалды түшүндүрүүдө бир топ убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми бул методдун кемчилиги-окуучуларды даяр далилдерди айтып берүүгө гана үйрөтүп, өз алдынча изденип, ой жүгүртүп, ойлонууга шыктандырбайт.

Модулдук үйрөтүү-“модулдап программалоо” аттуу бир программаны практикалоо формасы болуп саналат. Белгилүү бир деңгээлде ички бүтүндүкккө ээ болуп, бири-бирин толуктап тактаган үйрөнүүнүн ирээттелген жыйындысы аркылуу жеке инсандын өз алдынча үйрөнүшүн камсыз кылган ыкма.

Ушул ыкмага шайкеш келген үйрөтүм-модулдап үйрөтүм катары кабылданат. Иерархиялык катышта жалпыдан жекеге карай түшүнүк карталары аркылуу графикалык формага келтирип, конкреттештирүү максатын көздөгөн метод.

Кызматташып үйрөнүү - окуучуларды чакан топторго бөлүштүрүү менен катар өз ара жардамдашуулары аркылуу үйрөнүүнү көздөгөн метод болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Абдыкеримова М.А. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы [Текст]: М.А. Абдыкеримова. - Бишкек: ЖЧК Атлантикс, 2005. - 212-б.
2. Алимбеков А.С. Окутуунун жалпы методдору [Текст]: А.С. Алимбеков. - Бишкек: Кыргыз-түрк «Манас» университети, 2004. - 232-б.
3. Алыбаева Г.Н. Элдик мугалимдердин акыл-кеңеши менен мектеп реформалар алга жылат[Текст]: Г.Н. Алыбаева. - Кутбилим. - Бишкек,-2007. - 2-3-бб.
4. Байгазиев С.И. Интерактивдик окутуунун педагогикалык идеологиясы жана технологиясы [Текст]: С.И.Байгазиев. - Кутбилим. - Бишкек, 2005. - 9-б.
5. Калдыбаев С.К. Тексттик тапшырмаларды түзүүнүн методикасы [Текст]: С.К. Калдыбаев. - Б., 1996. - 32-б.
6. Муратов А.Д. Окутуунун технологиялары деген эмне [Текст]: А.Д. Муратов, Кутбилим. - Бишкек, 2005. - 3-б.
7. Сартбаев К.К. Тил сабагын окутуунун методикасы жана анын илимий тарбиялык мааниси [Текст]: К.К. Сартбаев, Мугалимдерге жардам, 1949.
8. Үмөталиева Б.М. Педагогикалык окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун методикасы. / Б.М. Үмөталиева. - Ф.: Мектеп, 1980. -131-б.
9. Үсөналиева А.Т. Орто мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст]: А.Т. Үсөналиева. - Ф.: Мектеп, 1985.
10. "Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун стандарты" (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-сентябрындагы № 1153/1 бекитилген).